Ж.Маматжанов атындагы №58 орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун №2

# ПРОТОКОЛУ

Макаренко айылы 29.10.2021

Чогулушка катышканы 105

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер.

1. Ата-энлер комитетинин төрайымы же төрагасы жана мүчөлөрүн шайлоо.
2. Уюштуруу иштери.
   Окуучулардын окуулары ,катышуусу боюнча маалымат берүү.
3. Формалары,тартиби,ата-энелердин мектеп менен байланыштарын колго алуу.
4. Балдарды китеп окууга кызыктыруу.
5. Ата-энелер үчүн ачык эшиктерди уюштуруу.

Угулду: Чогулушту мектептин ТИУ Сыргабаева Дамира эжеке ачып,сөздү мектеп директору Тойкулова Мерикан эжекеге берди.Мектеп директору

ата-энелер менен саламдашуу менен өз сөзүн баарыбыздын максатыбыз окуучулардын келечеги жөнүндө экенин баса белгиледи.Азыркы учурда балдардын сабакка болгон кызыгуулары начар болуп жатканын,анын себеби баарыбызга белгилүү телефондун зыяндуу жактары болуп жатканына токтолду.Ошондуктан ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышта болуп,балдарынардын окууга болгон кызыгуусуна чогуу кам көрөлү.Үйдөн үй тапшырмасын,күндөлүктөрүн күндө сурап,талап кылыныздар.Биз олипиядага даярдоо,жана башталгыч класстардын жетишпеген окуучулар менен иштөө боюнча атайын график түздүк,кааналарды уюштурганбыз.Балдарыныздар кайсы күнү келип окушаарын сөзсүз билип,мугалим менен байланышып турунуздар жана талап кылыныздар предметтик жана башталгыч класс мугалимдеринен.

Кийинки сөздү мектептин тарбиялык иштер боюнча орун басары Сыргабаева Дамирага сөз берилип эжеке өз сөзүндө окуучулардын тартибин ,мектептин тазалыгын сактоо үчүн кошумча бут кийим уюшулганын ,ата-энелер кошумча бут кийимдерине көнүл буруп ,алып берүүлөрүн суранды.Ошондой эле окуучулардын формаларын,өздүк гигиеналарын сактоого,катышууга өтө

басым жасады.Себепсиз бир да баланы сабактан калтырбаныздар. Дайыма класс жетекучилер менен тыгыз байланышта болунуздар.

Кийинки сөзгө мектептин соц педпгогу Матраимова Разия мектептеги көйгөйлүү балдар ,инклюзив окуучлар , мектепке тартылбай калан окуучу болбош керек.Айылга жаны бирөө келсе сөзсүз мектепке кабар бериниздер.Ата-энлерге ден соолук ,ийгиликтерди каалап өз сөзүн жыйынтыктады.Кайрадан мектеп директору ар шейшемби ачык эшиктер күнү,келип сабактарга катшыныздар.деген кулактандырууну айтты.

Ата-энелер комитетин жана камкорчулук кенештин мучөлөрүн шалап алууну сунуштап ата-энелер комитетине

1.Авамисилова Пазилат

2.Самиева Гулдана

3.Нурдинова Зыйнат

жана Камкорчулук кенештн мүчөлөрүнө

1.Исмаилов Калмамат

2.Ормошов Алан

3.Бегали кызы Мээрим

4.Кадыралиева Миргул

5.Ботобаев Эмил

6.Массабирова Райла эжелерди көрсөтүшүп баардыгы бир добуштан колдошту.

Кийинки сөзгө мектептин окуу бөлүм башчысы Мурзакматова Айгуль чыгып,саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! Кутман күнүнүздөр менен деп сөзүн баштады.Бүгүнкү чогулушка кош келипсиздер,Мектеп дегенде эле көз алдыбызга оку иштери элестейт.Мен да азыр сиздерге мектептеги балдардын билим сапатын көтөрүү үчүн болуп жаткан иш аракеттер тууралуу айтып берсем.

Биздин мектепте 2021-2022-окуу жылында,азыркы учурда 33мугалим иштеп жатат,Алардын ичинен 6 эркек мугалим калгандары аял кишилер. 606 окуучу окуп жатат.314 эркек балдар,292 кыз балдар.Мектепте иштеп жаткан ар бир мугалим сиздердин балдарыныздарга билим берүүнүн үстүндө иштеп келет.Бирок бала мектепте аз гана убакыт болот.Ошондуктан урматуу ата-энелер сиздердин жардамыныздар керектелет.

Азыркы учурдун талабы балдарды олимпиядадан орундарга жетиштирүү болуп жатат.Былтыркы,өткөн окуу жылында пандемия болуп онлайн окуулар окуулар да жүрүп жатты .ошентсе да тарых,биология сабактарынан Садырбекова Асел,Аскарбаева Сайкал деген окуучуларыбыз олимпиядадан районго катышып,алдынкы орундарга жетишишти.Аскарбаева Сайкал областка катышып келди.Ал эми быйыл да жакшы үмүттөр менен мектепте предметтик мугалимдерибиз окуучулар менен олимпиядалык топторду түзүп,бош

мезгилдеринде,атайын кааналарда түзүлгөн графиктин негизинде даярдыктарды көрүп жатышат.Андан сырткары бүтүрүүчү класстарыбыз Жалпы Республикалык тестке катышуу үчүн ар кандай кошумча окууларга барышууда.Мисалы: ДОЦко-13 окуучу.11-класстарыбыз быйлкы окуу жылыда өз келечегине кам көрсүн деген максатта ар кандай мектептин класстан сырткаркы иштеринен бошотулган.

--Билим башаты башталгыч класс болгондуктан .Башталгыч класстарда да окуучулар көп болуп,жалпы класска жеткиликтүү билим берилбекй калбасын үчүн ар бир класс жетекчиге атайын түзүлгөн графиктин негизинде начар окуучулар менен иштөө тапшырмасы берилип,аткарылып жатат.Булар жөнүндө балдарыныздардан угуп жатсаныздар керек.

Кечээ жакында да чогулуш өтүлгөндө ата-энелерден күндөлүккө баа кою сунушу түшкөн.Күндөлүктөрдү текшерип,окуучуларга,мугалимдерге да айтылды.Бул жерде окуучулар кызыккан окуучу гана баа койдуруп ,калгандары койдурбаганы далилденди.Ар бир мугалим класс жетекчиге күндөлүк менен иш алып барууну тапшырма берди.

--Андан сырткары мектебибизде ар жуанын 3-күнү ата-энелер үчүн

«Ачык эшиктер» күнү уюштурулат.Ал күнү сиздер келип балдарыныздардын сабактарына катышып турсаныздар болот.Башка күндөрү да ар дайым эшигибиз сиздер үчүн ачык.

--«Алтын тамга» артыкчылык аттестатына 11-класстын окуучулары катыша алышат.

--Акырында айтаарым биздин келечегибиз болгон балдарыбыздын билим алуусуна сиздер менен чогуу аракет кылсак деген ойду айткым келет.

Жогоруда айтылган сунуштарды угуп, талкуулап ата-энелер чогулушу токтом кылат :

ТОКТОМ:

1. Окуучулардын тартибин,формасын,кошумча бут кийимдерин,сабакка болгон көз карашын көзөмөлдөө жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.

2. Окуучулары олимпиядага жана ЖРТга даярдоодо көзөмөлдөп .жардам берүү жагы ата-энелерге жана предметтик мугалитмдерге жүктөлсүн.

Мектеп директору : М. Тойкулова


Катчы: А.Сулайманова





АРДАК ГРАМОТА


КОШ КЕЛИҢИЗДЕР!




Билим сапаты жөнүндө
маалымат


Олимпиаданын жана
ЖРТнын жыйынтыгы


Олимпиаданын жана
ЖРТнын жыйынтыгы